КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИНИН алдындагы РЕСПУБЛИКАЛЫК ПЕДАГОГИКАЛЫК КЫЗМАТКЕРЛЕРДИН КВАЛИФИКАЦИЯСЫН ЖОГОРУЛАТУУ ЖАНА КАЙРА ДАЯРДОО ИНСТИТУТУ

РЕСПУБЛИКАНСКИЙ ИНСТИТУТ ПОВЫШЕНИЯ КВАЛИФИКАЦИИ И ПЕРЕПОДГОТОВКИ ПЕДАГОГИЧЕСКИХ РАБОТНИКОВ при МИНИСТЕРСТВЕ ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

КАРАЛДЫ	МАКУЛДАШЫЛДЫ	БЕКИТЕМИН
Окуу-методикалык бирикмесинде талкууга алынды	КР ББжИМ алдындагы РПККЖж КДИнин окуу бөлүмүнүн башчысы	КР ББжИМ алдындагы РПККЖж КДИнин окуу- методикалык жана илимий иштери боюнча директордун орун басары
Токтом № _____	_____	_____
«___» _____2024-ж.	«___»_____ 2024-ж.	«___»_____ 2024-ж.

Тил мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу боюнча инновациялык технологиялар борбору
Центр инновационных технологий по повышению квалификации преподавателей языков
2024-2025- окуу жылына / на 2024-2025 учебный год

А.А.А. / Ф.И.О. Сартова Зыйнаткуль Асаналиевна
Дициплинанын толук аталышы/Полное наименованиедициплины.

Мектеп окуучуларын ЖРТга даярдоодо сөздүк-логикалык ой жүгүртүүлөрүн калыптандыруу жана баалоо./Формирование и оценивания словарно-логического мышления школьников при подготовке к ОРТ.

КУРСТУН БИЛИМБЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫ
ОБРАЗОВАТЕЛЬНАЯ ПРОГРАММА КУРСА

Максаттуу топ / Целевая группа: окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептердин кыргыз тили мугалимдери үчүн/
Курстун көлөмү / Объем курса - 72 саат / часа
Угуучулардын саны / Количество слушателей: 20
Лекциялык сааттар /лекционные часы – 48 саат/часов
Практикалык сааттар / Практические часы – 24 саат/часов
Бардык аудиториялык саат / Всего аудиторных часов - 72 саат/часов
Консультация/Консультация- 2 саат/часов
Курстан кийинки мониторинг/ Мониторинг после курса -7 саат/часов
Программаны иштеп чыгуу үчүн / За разработку программу – 10 саат/часов
Бардык сааттар / Всего часов – 89саат/ часов
Кафедрада талкууга алынды / Обсуждено на кафедре
Токтом / Протокол - № 2 02.09.24
Кафедра башчысы/ Зав.кафедрой : Артыкбаева Г.Э._____

Бишкек - 2024

ТҮШҮНҮК КАТ

Программанын түзүлүш өзгөчөлүгү

Эне тили окуучунун негизги турмуштук куралы жана рухий дүйнөсүн калыптандыруунун баалуу каражаты болуп саналат. Бул багытта ал тилге тиешелүү болгон адамдын өмүрүндө эне тилинен артык кызмат кылар эч кандай тил да, каражат да болбойт. Ошондуктан, эне тили окуучу үчүн ар тараптуу кызмат кылуучу негизги окуу предмети болуп эсептелинет. Ал эмнеден көрүнөт?

1.Турмушта өз ара карым-катнаш куралынын милдетин аткарат;

2.Дүйнөнү таануунун жана аны чагылдырып түшүнүүнүн каражаты;

3.Инсандык жактан интеллектти өстүрүүнүн жана жан дүйнөсүн байытуунун куралы;

Кыргыз тили предмети дал ушул кызматтарды аткаруу менен, окуучунун инсан катары ар тараптан калыптануусунун пайдубалы да болуп берет, анткени эне тилинде ой жүгүртүүсү өсүү менен башка бардык окуу предметтерин талаптагыдай өздөштүрүүнү шарттайт. Эне тилинде бала сабаттуу болбой, эне тилинде билим сапатына ээ болбой, окуучу башка предметтерди сабаттуу өздөштүрүүсү мүмкүн эместиги практикада белгилүү. Ошондуктан, эне тилинде окуучуну сабаттуулукка жеткирүү, жазуу, оозеки компетенттүүлүктөрүн өстүрүү анын инсан катары турмушта ийгиликтүү жашоосун камсыз кылуучу күчкө эгедер кылууга барабар.

Ушул багыттарга жараша стандартта белгиленген окуу курсу төмөндөгүдөй үч өз алдынчалуу багытты карманды:

кыргыз тилинин системасы (фонетика, лексика, грамматика);

орфографиялык жана пунктуациялык эрежелер;

байланыштуу кеп, кеп маданияты жана стилистика.

Мунун өзү баланын мектептеги башка окуу предметтерин талаптагыдай окуп-үйрөнүүгө жасалма тоскоолдуктарды түзөрүн көрсөтүп отурат.

Окуучулардын практикалык сабаттуулугун көтөрүү маселеси көбүнчө эсе методикалык адабияттарга калтырылып келгени – эне тили окуу предметин окутуудагы бир кемчилик болуп келатканы илимий жактан жаңылыштык экенин да практика далилдеп отурат. Сабакта окуучу эне тилинде грамматикалык-фонетикалык материалдарды, орфографиялык жана пунктуациялык эрежелерди өздөштүрүп жатканда сөзсүз түрдө, байланыштуу кеп менен кеп маданиятынын материалдары менен жуурулуштуруп өтүүнү практикалоо – дал ушул стандартта алгач ирет илимий-методикалык жактан ачык көрсөтүлдү.

Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептердин бүтүрүүчүлөрүн кыргыз тили предмети боюнча Жалпы республикалык тестирлөөнүн Негизги тесттине даярдоо кыргыз тили мугалимдерине таандык. Андыктан, кыргыз тили предмети боюнча окуучуларды тестирлөөгө даярдоодо предметтик мугалимдердин кыргыз тилинин “Окшоштуктар жана сүйлөмдөрдү толуктоо”, “Эне тилинде текстти окуу жана түшүнүү” ,ошондой эле “Кыргыз тилинин

практикалык грамматикасын” талаптагыдай деңгээлде билүүсү зарыл. Себеби мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн ЖОЖдорго тапшырууда гранттык орундарга ээ болуусуна кыргыз тилинин жогоруда белгиленген бөлүмдөрү боюнча алган билими чоң роль ойнойт.

Республикада бул багытта иш жүргүзүү милдетин өзүнө алган көз карандысыз “Билимди баалоо жана окутуу усулдары борбору” мекемеси болуп саналат Аталган мекеме тарабынан абитуриенттер үчүн “Жалпы республикалык тестке даярданабыз” аттуу колдонмо мезгил-мезгили менен басмадан чыгарылып, окуу куралына тест жөнүндө маалыматтар, ага катышуунун эреже, шарттары тесттик тапшырмалардын үлгүлөрү, аларды аткаруу боюнча усулдук көрсөтмөлөр чагылдырылган.

ЖРТга даярдоо багытындагы тапшырмалар менен иштөө ыкмалары мугалимдердин жогорку окуу жайларынан алган билимдери менен шайкеш келбегендигине байланыштуу мугалим, эң оболу, өзү мындай билимге муктаж экендиги талашсыз.

Аталган программа кыргыз тили мугалимдерине тиешелүү болуп келген ушул көйгөйдү чечүүгө арналат

Бул программа Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Билим берүү жөнүндө», «Мамлекеттик тил жөнүндө» мыйзамдарын эске алуу менен Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген «Кыргыз тилин эне тил катары окутуунун предметтик стандартынын» (5-9-кл. жана 10-11-кл. 2021-ж.) негизинде иштелип чыкты. Программада кыргыз тилин эне тил катары окутуунун деңгээлин жогорулатып, натыйжалуулугун арттыруу максатында тилдик-грамматикалык материалдарды каражат катары колдонуу менен окуучулардын оозеки, жазуу кеп маданиятын калыптандыруучу практика түрүндөгү машыгуу, көнүгүүлөргө кеңири орун берилди:

- Окуучунун (бүтүрүүчүнүн) эне тилин дүйнөнү таанып-билүүнүн, чындыкты чагылдыруунун, таалим-тарбия алуунун каражаты катары толук таанып-билип, өз ишмердүүлүгүндө толук кандуу колдоно билүүсүнө жетишүү.
- Кеп ишмердүүлүгү менен ойлоо ишмердүүлүгүн биримдигин, кеп ишмердүүлүгүн кеп маданияты менен тыгыз байланышта колдоно алуу, пикир алышуудагы алардын маанисин, барк-баасын терең аңдап-билип, турмушта колдоно билүү көндүмдөрүн калыптандыруу.
- Тексттин коммуникативдик табиятын терең өздөштүрүү, текст талдоонун жана текст түзүүнүн мыкты көндүмдөрүн калыптандыруу.
- Кептин стилдери, алардын өзгөчөлүктөрү тууралуу теориялык жетиштүү маалыматтарды алуу, практика жүзүндө текстти талдоого, мазмунун өркүндөтүп кайра түзүүгө жана жаңы текст жаратууга көнүктүрүү.

Кыргыз тили – кыргыз элинин мамлекеттик тили, улуттук маданияттын эң жогорку формасы катары саналат. «Кыргыз тилин эне тил катары окутуунун предметтик стандартында» кыргыз тилин эне тил катары мектептерде окутуунун максаты бул - «окуучуларды кыргыз тилинин лексикалык-грамматикалык байлыгын оозеки жана жазуу кебинде активдүү колдоно билүүгө, кеп ишмердүүлүктөрүнүн бардык түрлөрүндөгү компетенттүүлүктөрүнө ээ болууга, кеп маданиятынын эрежелерин кебинде туура сактоого үйрөтүү» - деп көрсөтүлгөн.

Программанын жаңычылдыгы, актуалдуулугу

Программа Кыргыз Республикасындагы билим берүү системасын өнүктүрүүнүн негизги тенденцияларын жана багыттарын эске алуу менен кыргыз тили предметин окуткан мугалимдердин тил билүү деңгээлин жогорулатуунун милдеттерин ишке ашырууга мүмкүндүк берет, ошону менен бирге кыргыз тили мугалимдерине алдыда турган жаңы көйгөйлөрдү чечүүгө жардам берет: тил билүү деңгээлин жакшыртуу үчүн сунушталган мазмун эне тили мугалимдеринин педагогдук, адистик компетенцияларын жакшыртууга багытталган.

Программанын актуалдуулугу бир тарабынан кыргыз тили мугалиминин квалификациясына жаңы талаптарды көрсөтүүчү Мамлекеттик билим берүү стандартын жана кыргыз тили боюнча предметтик стандарттарды ишке ашыруунун зарылдыгы менен шартталса, экинчи жагынан, мугалимдердин тил билүү муктаждыктарын чечүү, алардын угуу, сүйлөө, окуу, жазуу кеп ишмердүүлүктөрүнүн зарылдыгы менен шартталат.

Программанын максаты

Программанын максаты – окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептердин кыргыз тили мугалимдеринин тил билүү деңгээлин арттыруу, Мамлекеттик билим берүү стандартынын , эне тили боюнча предметтик стандартынын талаптарына ылайык иштөөгө үйрөтүү, андагы терминдердин түшүндүрмөсү менен иштөө, сабактарда коммуникативдик мамиленин өзгөчөлүктөрүн, турдүү тексттер менен окуучулардын тилдик көндүмдөрүн калыптандыруу маселелерин өздөштүрүүсүнө жетиштирүү. Кыргыз тилин окутуудагы компетенттүүлүктөрдү аныктоодо кептик-ой жүгүртүүчүлүк ишмердүүлүктү эске алуу зарыл. Ал төмөнкү фазаларга ээ:

- мотив – максат – багыт алуу – пландаштыруу – ишке ашыруу – текшерүү;
- кептик ишмердүүлүк мезгилинде сүйлөөчүнүн грамматикасы жана угуучунун грамматикасы колдонулат;
- адамдын кеби анын дүйнө таанымын жана маданий деңгээлин чагылдырат. Мына ушуга байланыштуу кыргыз тилин эне тил катары окутуунун төмөнкүдөй компетенттүүлүктөрү белгиленди: тилдик компетенттүүлүк – тилдин системасына ээ болуу, тактап айтканда, тилдин

курулушу, тилдик нормалар, анын ичинде орфографиялык жана пунктуациялык; кептик компетенттүүлүк – кептик кырдаалдар жана тилдик нормаларга ылайык коммуникация ишке ашырылат, өзүнүн кептик мүмкүнчүлүктөрүн өркүндөтөт жана сөздүк корун байытат. маданий компетенттүүлүк – тилдин улуттук-маданий өзгөчөлүгүн эске алуу менен диалог жүргүзө билүүсү. Тилдик компетенттүүлүккө ээ болуу бул – бүтүрүүчүнүн тилдин жеке жана жалпы закондорун чагылдыруучу эрежелер боюнча билимге ээ болуп, лингвистикалык маалыматтарды чечмелеп, аналитикалык ой жүгүртүү көндүмдөрүнө ээ болот:

- тилдик бирдиктерди, тилдин системасындагы функциялары жана тексттеги ролу менен байланышта түшүнөт;
- лингвистикалык бирдиктерди, функциялары, маанилери жана стилдери боюнча топтоштурат;
- тилдик бирдиктердин синонимдештигин, структурасы, семантикасы жана стили боюнча айырмалайт;
- кептин оозеки жана жазуу формаларынын өзгөчөлүктөрүн айырмалайт;
- каралган орфограммалардын көлөмүнө жана пунктуациялык эрежелерге ылайык орфографиялык жана пунктуациялык көндүмдөргө ээ болот.

Кептик компетенттүүлүккө ээ болуу – бул мектеп бүтүрүүчүсү (сүйлөөчү же угуучу) коммуникативдик милдеттерди аныктоого, тилди пикир алышуунун ар кыл кырдаалдарында оозеки жана жазуу формасында пайдаланууга, өзүнүн сөздүк корун байытуу менен кептик мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө жөндөмдүүлүгү:

- карым-катнаштын (коммуникациянын) максатына ылайык кептин предметин жана темасын түшүнөт жана белгилейт;
- тексттеги биринчи жана экинчи маалыматтарды бөлүп көрсөтүп, аларды чындык менен салыштырат;
- коммуникативдик мазмунуна ылайык тексттердин функционалдык-семантикалык типтерин, кептин ар кыл жанрындагы жана стилиндеги тексттерди айырмалайт жана пайдалана алат.
- адабий тилдин (стилдердин) нормаларына, пикир алышуунун максатына (кептик кырдаалдарга) ылайык текст түзөт;
- текстти ар кыл стилдик режимдерге (бир стилдеги текстти экинчи стилге айландыруу), түрдүү эмоционалдык жагдайларга (тондорго) ылайыктап кайрадан түзөт. Маданий компетенттүүлүккө ээ болуу – бул мектеп бүтүрүүчүсү пикир алышууга катышуу менен социалдык кептик жана тарыхый-маданий кырдаалды эске алууга жөндөмдүүлүгү:
- коомдо жүрүм-турумдун нормаларына ылайык баарлашуунун катышуучусунун социалдык ролун өзүнө кабыл алат;
- элдин маданий мурасынын маанилүү бөлүгү катары тилге жекече мамилесин билдирет;

- кеп маданиятынын эрежелерине ээ болот.

Программанын милдеттери

Программанын концепцияларын иштеп чыгууда предметтик стандарттын талаптарын аткарууга, Кыргызтесттин тесттик тапшырмаларын, ЖРТнын Негизги тест боюнча окуучуларды даярдоодо кыргыз тили мугалимдерине ЖРТнын талаптарына ылайык келген билимдерин жогорулатууга басым жасалды. Окуучуларга предметтик тилди жана кептик компетенцияларды калыптандыруу маанилүү милдет. Тил мазмунду өздөштүрүүнүн каражаты катары колдонулуп, ал эми мазмун өз учурунда тилди өздөштүрүү үчүн ресурс катары пайдаланылат.

Сабактардын формалары жана окуунун режими

Программа офлайн,онлайн жана аралыктан окуу процессин уюштуруунун түрдүү формаларын сунуштайт: онлайн-лекциялар, онлайн-практикалык сабактар, форумдар, моделдик сабактар, мастер-класстар.
Аталган формалар методикалык талкуулар, презентациялар, маектешүүлөр менен коштолот. Сабактар модулдар системасы (2 модуль) менен өтүлөт, модулдар башталганга чейин жана модулдардын арасында тестирлөөлөр (диагностикалык, аралык, жыйынтык тест) болот, курс 72 саатты түзөт.

Күтүлүүчү натыйжалар жана аларды текшерүү жолдору

Программаны өздөштүргөн мугалимдер Негизги тест боюнча предметтик боюнча тил билүү деңгээлин текшерген тесттердин мазмуну менен таанышат, иштей алышат, өздөрүнүн практикасында окуучулардын тил билүү деңгээлин эске алуу менен тапшырмаларды түзө алышат; деңгээлдик мамиле менен окутууну өздөштүрөт; Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү стандарттарын, кыргыз тили боюнча предметтик стандартын киргизүүнүн нормативдик базасын билишет;

Продуктивдүү окутуунун заманбап педагогикалык технологияларына, анализ менен өзүн өзү анализдөөнүн түрлөрүнө жана формаларына, педагогикалык диагностикалоонун технологияларына, текшерүүчү-баалоочу методдор менен формаларга ээ болушат;

Кесиптик ишмердигин учурдун талаптарына ылайык жүргүзүү үчүн кесиптик компетенцияларга ээ болушат.

Курстун башталышында **диагностикалык тест, аягында жыйынтыктоочу, зачеттук** тест жүргүзүлөт.

Курстун угуучулары практикалык иш катары ЖРТнын материалдарын колдонуу менен түзүлгөн **бир сабактын иштелмесин** тапшырышат.

Курстун окуу-тематикалык планы

№ п/п	Мазмун	баары	Офлайн сабактар	Өз алынча
1.	**1- модуль** **Кыргыз тили сабактарында сөздүк-логикалык ой жүгүртүү жана практикалык грамматика боюнча мектеп окуучуларын Жалпы Республикалык Тестирлөөгө даярдоо.Укуктук-ченемдик актылар.**	**36**	**24**	**12**
1.1	Киришүү. Курстун максат-милдеттери жана күтүлүүчү натыйжа .Күтүү дарагы.	**2**	**1**	**1**
1.2	ЖРТ тууралуу маалымат,ага катышуудагы талаптар жана шарттар.	**2**	**2**	
1.3	КРнын жалпы билим берүүсүнүн мамлекеттик стандарты, анын талаптары.	**6**	**4**	**2**
1.4	Эне тилин окутуунун концепциясы, предметтик стандарт, алардын ЖРТнын тапшырмалары менен байланышы. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөр	**6**	**4**	**2**
1.5	Сынчыл ой жүгүртүүнүн стратегиялары.Блумдун таксономиясынын пирамидасы.	**5**	**3**	**2**
1.6.	ЖРТнын тапшырмаларындагы көйгөйлөрдү чечүү. Баалануучу окурмандык билгичтиктер, көндүмдөр жана кептик компетенттүүлүктөр.Алардын өз ара байланышы.	**4**	**3**	**1**
1.7.	PISA изилдөөсүнүн максаты жана структурасы.Функционалдык сабаттуулук.Тексттердин классификациясы:туташ , туташ эмес, курама жана аралаш тексттер.	**5**	**3**	**2**
1.8.	Эне тилин натыйжалуу окутуу үчүн тилдин кептик, тилдик жана этномаданий компетенттүүлүктөрүнүн негизинде инсанга багыттап окутуп-үйрөтүү.	**4**	**3**	**1**
1.9.	Окуучунун акыл-эс жөндөмүн аныктоо боюнча Горвард Гарднердин теориясы	**2**	**1**	**1**
2.	**2- модуль. ЖРТ тапшырмаларын аткарууда окуучулапрдын логикалык ой жүгүртүү, тил, окуу, туура сүйлөө жана жазуу көндүмдөрүн калыптандыруу**	**36**	**24**	**12**
2.1.	“Кыргыз жараны” концепциясы: максаты, милдеттери, негизги багыттары. Концепциянын негизги жоболоруна талдоо жүргүзүү.	2	1	1

2.2	ЖРТга даярдоодо Негизги тесттин бөлүмдөрү, алардын өзгөчөлүктөрү.Сөздүк-логикалык тесттин курамы : “Аналогия”, “Сүйлөмдөрдү толуктоо”, “Кыргыз тилинде окуу жана түшүнүү”,”Кыргыз тилинин практикалык грамматикасы”.	2	1	1
2.3.	Аналогия (Окшоштуктар**)** .Үлгү же эталондук жуп сөздөр.Андагы байланыштын түрлөрү. Аналогиялык тапшырмалардын түрлөрүн аткарууда логикалык ой жүгүртүү.	**8**	**6**	**2**
2.4.	“Сүйлөмдөрдү толуктоо” бөлүмүндөгү тапшырмаларды аткарууда көңүл буруучу жагдайлар. Бөлүмдө кездешүүчү сүйлөмдүн түрлөрү, андагы бөлүктөрдүн ортосундагы логикалык байланыш.	4	2	2
2.5.	“Эне тилинде окуу жана түшүнүү” бөлүмү үчүн сунуш кылынуучу тексттердин түрлөрү,көлөмү, санариптик номерлердин мааниси.Текстке карата берилүүчү суроолор.	8	6	2
2.6.	Окурмандык сабаттуулук, анын ЖРТ тапшырмалары менен байланышы. Тапшырмалардын деңгээлдери жана суроолордун түрлөрү	4	2	2
2.7.	**Кыргыз тилинин практикалык грамматикасы.** Бөлүмдө ой жүгүртүү менен кеп сабаттуулугунун денгээлинин текшерилиши. Лексика,морфология,синтаксис, пунктуация жана орфография бөлүмдөрүндөгү тапшырмаларды аткаруунун ыкмалары	4	3	1
2.8.	Сабакты пландаштырууда сабактын максатын, күтүлүүчү натыйжасын аныктоо.	4	3	1
	Баары:	**72**	**24**	**12**

Программанын мазмунун бөлүштүрүү

№	Темасы	Мазмуну
	Диагностикалык тестирлөө.	
I.	**1-модуль. Кыргыз тили сабактарында сөздүк-логикалык ой жүгүртүү жана практикалык грамматика боюнча мектеп окуучуларын Жалпы Республикалык Тестирлөөгө даярдоо.Укуктук-ченемдик актылар.**	
1.1.	Курстун максат-милдеттери жана күтүлүүчү натыйжа Жалпы Республикалык Тестирлөөгө коюлуучу талаптар.	Кыргыз тили мугалимдери Негизги тест боюнча мектеп окуучуларын ЖРТ га даярдоо боюнча кеңири маалымат алышат жана бардык бөлүмдөр боюнча тренингден өтүп, тапшырмаларды өз алдынча жана мектеп окуучулары менен

		бирдикте аткаруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат.
1.2	КРнын жалпы билим берүүсүнүн мамлекеттик стандарты, анын талаптары.	Жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик стандарты.(2022-ж.) Негизги компетенттүүлүктөр : а) маалыматтык компетенттүүлүк, б) социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүк, в) өзүн-өзү өнүктүрүү жана көйгөйдү чече билүү
1.3	Эне тилин окутуунун концепциясы, предметтик стандарт, алардын ЖРТнын тапшырмалары менен байланышы. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөр	Кыргыз тилин эне тили катары окутуу концепциясы.Кыргыз тилин эне тил катары окутуунун предметтик стандарты. Предметтик компетенттүүлүктөр-тилдик, кептик, этномаданий
1.4	Блумдун таксономиясынын пирамидасы. Сынчыл ой жүгүртүүнүн стратегиялары	Блумдун таксономиясында окутуу максаттарынын деңгээлдеринин пирамидасы жана 3 деңгээлдик таксономиянын, ой жүгүртүү системасынын берилиши. Сынчыл ой жүгүртүүнүн стратегиялары 4 чоң топко бөлүнөт: а) маалыматтык (инсерт, БББ,башкарып окутуу ж.б.) б) графикалык уюштуруучулар (Венндин диаграммасы,кластер.концептуалдык карта ж.б.) в) дискуссия (биргелешип издөө, кайчылаш дискуссия ж.б.) 4)жазуу (РАФТ, синквейн, автордук кресло ж.б.)
1.5	ЖРТнын тапшырмаларындагы көйгөйлөрдү чечүү. ЖРТда бааланууучу окурмандык билгичтиктер, көндүмдөр жана кептик компетенттүүлүктөр.Алардын өз ара байланышы.	Сөздүк-логикалык тестти аткарууда сөз байлыгынын деңгээлин арттыруу үчүн кошумча материалдар колдонуу. Энциклопедиялык жана лингвистикалык сөздүктөрдү пайдалануу. ЖРТ боюнча тесттин түрлөрү менен практикалык иш.
1.6	PISA изилдөөсүнүн максаты жана структурасы.Функционалдык сабаттуулук.Тексттердин классификациясы:туташ , туташ	PISA изилдөөсүнүн алкагында аткарылуучу иштер.Функционалдык мамиле боюнча мугалимдердин потенцияларын жогорулатуу. Туташ, туташ эмес, курама жана аралаш тексттерди айырмалоо.

	эмес, курама жана аралаш тексттер.	
1.7	Эне тилин натыйжалуу окутуу үчүн тилдин кептик ,тилдик жана этномаданий компетенттүүлүктөрүнүн негизинде инсанга багыттап окутуп-үйрөтүү.	Тилдик компетенттүүлүк-кептик кырдаалдар жана тилдик нормаларга ылайык коммуникация ишке ашырылат. тилдик нормалар,анын ичинде орфографиялык жана пунктуациялык ; Кептик компетенттүүлүк- кептик кырдаалдар жана тилдик нормаларга ылайык коммуникация ишке ашырылат; маданий компетенттүүлүк- тилдин улуттук-маданий озгөчөлүгү эске алынат.
2	**2- модуль. ЖРТ тапшырмаларын аткарууда окуучулапрдын логикалык ой жүгүртүү, тил, окуу, туура сүйлөө жана жазуу көндүмдөрүн калыптандыруу.**	
2.1	“Кыргыз жараны” концепциясы: максаты, милдеттери, негизги багыттары.	Концепциянын негизги жоболоруна талдоо жүргүзүү.
2.2	ЖРТга даярдоодо Негизги тесттин бөлүмдөрүнө бөлүнгөн убакыт, алардын өзгөчөлүктөрү.Сөздүк-логикалык тесттин курамы : “Аналогия”, “Сүйлөмдөрдү толуктоо”, “Кыргыз тилинде окуу жана түшүнүү”,”Кыргыз тилинин практикалык грамматикасы”.	Негизги тесттин бөлүмдөрү : “Математика” -60 суроо-90 мүнөт,, “Окшоштуктар жана сүйлөмдөрдү толуктоо” -30 суроо-30 мүнөт,”Эне тилинде окуу жана түшүнүү”-30 суроо-60 мүнөт, “Эне тилинин практикалык грамматикасы” – 30 суроо-35 мүнөт убакыт бөлүнөт.
2.3.	Аналогия (Окшоштуктар**).** Үлгү же эталондук жуп сөздөр.Андагы байланыштын түрлөрү. Аналогиялык тапшырмалардын түрлөрүн аткарууда логикалык ой жүгүртүү.	Аналогияда эталондук жуптардын ортосундагы бир же бир нече белгилер боюнча окшоштуктар жана айырмачылыктар,байланыштын түрлөрү: а) бүтүн нерсе менен анын бөлүгүнүн катышы; б)белгинин буюмга, түшүнүккө жана кубулушка тиешелүүлүгү; в)түшүнүктөрдүн бирдейлиги г) түшүнүктөрдүн карама-каршылыгы д)түшүнүктөрдүн ортосундагы себеп-натыйжа катыштыгы; е) аракеттердин, кубулуштардын же окуялардын тартиби ж.б.

2.4	“Сүйлөмдөрдү толуктоо” бөлүмүндөгү тапшырмаларды аткарууда көңүл буруучу жагдайлар. Бөлүмдө кездешүүчү сүйлөмдүн түрлөрү, андагы бөлүктөрдүн ортосундагы логикалык байланыш.	Сүйлөмдүн курамындагы сөздордун маанисин туура түшүнүү.Сүйлөмдү байланыштырып турган сөздөргө көңүл буруу., алар сүйлөмдүн маанисине таасир этет.Сүйлөмдүн ички логикасына туура келген жоопту табуу керек.
2.2.	“Эне тилинде окуу жана түшүнүү” бөлүмү үчүн сунуш кылынуучу тексттердин түрлөрү,көлөмү, санариптик номерлердин мааниси.Текстке карата берилүүчү суроолор.	Текст же үзүндү тексттер ар түрдүү билим тармактарынан алынат. Көркөм жана документалдуу прозалык чыгармалардан да алынат.Көлөмү 400-850 сөзгө чейинки тексттер боюнча окуучунун ой жүгүртүү жөндөмү бааланат.Эки өз алдынча турган текст жана өз ара байланышы бар эки үзүндү тапшырма берилет.Ар бир өз алдынча текстке 10 дон жана байланышкан 2 үзүндүгө биригип 10 суроо берилет.Суроолордун жооптору ачык же кыйыр түрдө текстте камтылган.Текстте көрсөтүлгөн сапты оңой табуу үчүн ар бир 5- сап санариптик цифралар менен белгиленет.
2.3.	Окурмандык сабаттуулук, анын ЖРТ тапшырмалары менен байланышы. Тапшырмалардын деңгээлдери жана суроолордун түрлөрү	Окурмандык сабаттуулук компетенциясы бюнча алган билимдерин жана жөндөмдөрүн пайдалануу менен эне тили сабагын түзүү көндүмдөрүн оздөштүрүү. Окурмандык сабаттуулукту калыптандырууда мугалимдердин педагогикалык практикасындагы өзгөрүүлөрүн мотивдештирүү.
	Кыргыз тилинин практикалык грамматикасы. Бөлүмдө ой жүгүртүү менен кеп сабаттуулугунун денгээлинин текшерилиши. Лексика,морфология,синтаксис, пунктуация жана орфография бөлүмдөрүндөгү тапшырмаларды аткаруунун ыкмалары	Тест тапшыруучунун грамматикалык эрежелерди жашоосунда колдоно алуу деңгээлин текшерет. акыл-ой жөндөмүн текшерүү үчүн тапшырмалардын түрү берилген: • Орфография эрежелерине байланыштуу • Тыныш белгилеринин коюлушу • Ар түрдүү сөз түзүүчү бирдиктерди колдонуу менен сөз түзүү

		• Сөздүн лексикалык жана грамматикалык маанисин таанып билүү ж.б.
2.5	Сабакты пландаштырууда сабактын максатын, күтүлүүчү натыйжасын аныктоо.	Сабактын максатынын окуучунун көз карашынан коюлушу.Натыйжага багытталган окутуу.
	Жыйынтыктоочу тестирлөө	

Программанын методикалык камсыздалышы

Катышуучулар менен иштөөнүн негизги ыкмалары жана формалары

Офлайн сабактарда (48 саат) онлайн лекциялар, моделдик сабактар, практикалык иштер,презентациялар, талкуулар болот.
Өз алдынча окуу (24 саат) мугалимдер тапшырмаларды аткарышат, онлайнда (форумда) талкууга даярданышат.

Дидактикалык материалдар

Презентациялар
Слайддар
Тексттер
Диагностикалык жана жыйынтыктоочу тесттердин тапшырмалары.
Сынчыл ой жүгүртүүнүн стратегиялары.
Графикалык уюштуруучулар.Туташ жана туташ эмес тексттер
Текст менен иштөөнүн этаптары
Кеп ишмердүүлүгүнүн (угуу, сүйлөө, окуу, жазуу) түрлөрү

Таркатма материалдар: **WhatsApp, Zoom, Classroom** аркылуу демонстрацияланат, таратылат, таанышууга сунушталат.

Тексттер
Слайддар
Диагностикалык, аралыктагы, жыйынтык тесттеринин тапшырмалары
Шарттуу, шарттуу-кептик тапшырмалар
Графикалык уюштургучтар

Мугалимдерге сунушталуучу илимий-методикалык адабияттар

1. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 5-11-класстар үчүн «Кыргыз тили» боюнча предметтик стандарты
2. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарында 10-11 класстар үчүн «Кыргыз тили» боюнча предметтик стандарты.
3. КРнын мамлекеттик Тил комиссиясы .Кыргыз тилинин жазуу эрежелери
4. Кыргыз тили.Жалпы билим берүүчү уюмдар үчүн программа.
5. Шакиров Р.Х. и др. Оценивание учебных достижений учащихся. – Бишкек,2012
6. Жалпы республикалык тестке даярданабыз.Негизги тест.Абитруриенттер үчүн колдонмо.Бишкек-2017
7. Карасаев Х.Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү .Бишкек 2015
8. Э.Абдуллаев ж.б. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү Фрунзе, “Мектеп” 1969
9. Кудайбергенов С. Ж.б. Кыргыз адабий тилинин грамматикасы ”Илим”1980
10. PISAнын иликтөөлөрү тууралуу ОУБББББ (ЦООМО) маалымкаты – 2006.-Бишкек, 2008. -220 бет.
11. Кыргызтесттин талаптары http://kyrgyztest.gov.kg